

Уланбек АБДЫРАХМАНОВ:

“Өрнөктөгү жер көйгөйүн чечүүгө аракет кылып жатабыз”

3-БЕТТЕ



Гүлмира ЧЕРИКОВА:

”ММК төгүмдөрүн төлөбөгөндөрдү милдеттүү түрдө камтышыбыз керек”

8-БЕТТЕ



Айбек МАМБЕТКАЗИЕВ:

“Түшүмдү коромжусуз жыйнап алууга жетиштүү шарт түзөбүз”

9-БЕТТЕ

№59 (3508)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# ЭРКИН-ТОО

Шейшемби, 2023-жылдын 25-июлу

www.erkin-too.kg

## Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# “АЛДЫДАГЫ ЖЫЛДАРДА СУУ МАСЕЛЕСИН ЧЕЧҮҮГӨ БАРДЫК КҮЧТҮ ЖУМШАЙБЫЗ”



2-БЕТТЕ

## ИМАНБЕТОВДУН ИШИНЕ ЖЕТЕКЧИЛИК НААРАЗЫ



Президенттин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Ильяз Иманбетовдун ишине карата соңку убакта бир катар сын-пикирлер айтылууда. Башкасын айтпаганда да бу жергиликтүү чиновник жакында Өлкө башчыбыздан сөгүш алганы бар. Өкмөттүн өткөндөгү жыйынында да Акылбек Жапаров облус башчысын кыйла кызарта уяткарды. Биз Иманбетовго карата башкалардын сын-пикирин тизмектебедик. Азырынча жогорку жетекчиликтики жетиштүү болоор. Кызыгы, иш мындай ыргакта уланса туристтик аймакта начар абал түзүлүп калбайбы? Албетте, иш болгон жерде сөзсүз кемчилик болот деңизчи. А бирок, мынчалык болбошу керек эле да, туурабы?

## КЫШКА КАМЫЛГА БАШТАЛДЫ

Бишкек шаардык жылуулук борбору кышка даярдыкты баштады. Жылытуу мезгилинде Бишкектин ЖЭБине жалпы өлчөмү 1,5 миллион тонна көмүр керектелет. Ушул күндөрү Казакстандын Шабыркүл кенинен D сортундагы көмүрдүн биринчи партиясы, жалпы салмагы 3200 тонна болгон 47 вагон көмүр келди. “Инновациялык Гефест” компаниясы менен 550 миң тонна көмүр алып келүү тууралуу келишим түзүлгөн. Ага ылайык, калориясы 5500 ккал/кг кем эмес болушу керек. Көмүрдүн кийинки партиясы 48 вагон жакынкы күндөрү келет. 550 миң тонна көмүрдү жеткирүү март айына чейин созулат. Мындан тышкары Кара-Кече кенинен 600 миң тонна, Таш-Көмүрдөн 50 миң тонна “кара алтын” алуу тууралуу келишимдер түзүлгөн.

## ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛ РЕЖИМИ КИРГИЗИЛДИ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кол койгон “Кыргыз Республикасынын энергетика тармагындагы өзгөчө кырдаал жөнүндө” Жарлыгына ылайык, 2023-жылдын 1-августунан тартып Кыргыз Республикасынын энергетика тармагында 2026-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө колдонулуучу өзгөчө кырдаал режими жарыяланып, өзгөчө кырдаал режими колдонулган мезгилде Энергетика министрине оперативдүү тартипте төмөнкүдөй өзгөчө укук берилди:

– жер жана суу фонду, жер казынасын пайдалануу маселелерин тескеген Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлеринин орун басарларынын, Улуттук илимдер академиясынын Суу проблемалары жана гидроэнергетика институтунун, “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин, “Кыргызгеология” мамлекеттик ишканасынын директорлорунун, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчыларынын Кыргыз Республикасынын аймагында энергетика чөйрөсүндөгү долбоорлорду ишке ашыруу бөлүгүндө ишин жалпы координациялоону жүзөгө ашыруу ж.б.

## КЫРГЫЗ ЦИРКИНДЕГИ ЫЗЫ-ЧУУГА ЧЕКИТ КОЮЛДУБУ?



А.Изибаев атындагы Кыргыз мамлекеттик циркинин жамааты далайдан бери эки жаатка бөлүнүп, ызы-чуу болуп келишкени баарыбызга маалым. Эми кыргыз циркин мындан ары Рыскул Боромбаев жетектемей болду. Жаңы дайындалган жетекчини жамаатка Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министринин орун басары Чыңгыз Эсенгул уулу тааныштырды. Кыргыз циркин буга чейин башкарып келген Фархад Бекманбетов бул кызматта 2019-жылдын январь айынан бери иштеп келген.

Июль айынын башында Президент Садыр Жапаров ырынан чыры көп кыргыз циркиндеги күбүр-шыбыр кептерди кулагы чалып, циркти абалын, андагы “шоулар” менен айрым “циркачтардан” кабар алууга өзү келгени бар. Ал имаратты капиталдык реконструкциялоо долбоору иштелип чыкканын, керектүү каражат бөлүнөрүн айткан.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА

## Президент Садыр ЖАПАРОВ:

# “Алдыдагы жылдарда суу маселесин чечүүгө бардык күчтү жумшайбыз”

Президент Садыр Жапаров "Кабар" агенттигине курган кезектеги маегинде акыркы кезде коомдо талкууланып жаткан актуалдуу маселелерге жооп берди.



**— Быйыл Кыргызстанда суу тартыштыгы катуу сезилип жатат. Бул көрүнүш дээрлик өлкөнүн бардык аймактарында бар. Бишкекте да, Чүйдүн ар кыл райондорунда да суу тартыш болду. Бул эмнеден улам, кандайдыр бир жалпы себеби барбы?**

— Биринчиден, албетте жалпы дүйнө жүзүндө климаттын өзгөрүшү менен жылдар өткөн сайын суунун азайып бараткандыгы.

Экинчиден, бизде, суунун башында турган Кыргызстанда суунун тартыштыгы болуп жаткандыгынын эң негизги себеби - эгемендик алгандан бери Кыргызстанда, айрыкча Чүй өрөөнүндө бир дагы БСРдин, БДРдин, суу сактагычтын курулбагандыгы (ред:. БСР – күн сайын жөнгө салынуучу бассейндер (бассейны суточного регулирования)). Илгерки союз мезгилинде курулган БСРлер гана иштеп турат. Эмдиги жылдан баштап БСРлерди курууга бардык күчтөрдү жумшайбыз. Акчалардын баарын ушул тармакка бөлөбүз. БСРлерди курабыз. БСРлер курулгандан кийин суу көйгөйү чечилет.

БСРлер жетишпесе Чүй өрөөнүн, Бишкек шаарды суу менен кантип толук камсыз кылмак элек? Мен “жардын кырына келген” Кыргызстанды колума алгам. Четинен бардык проблеманы командабыз менен биргеликте чечип келе жатабыз. Кудай буюрса алдыда келе жаткан жылдарда бардык проблемаларды, анын ичинде суу маселесин да чечебиз. Эгемендүүлүк алган 33 жылдын ар бир жылы бирден БСР, бирден эле ГЭС куруп турушканда азыр 33 ГЭС, 33 БСР иштеп турмак. 33 ГЭС бери дегенде 300 мегаватт электр энергия берип турмак. Мен бир эле тармак боюнча мисал келтирдим. Айта берсем маселе көп. Чыдаш керек. Чечебиз баарын. Убакыт керек.

**— Туристтик сезондун башталышы менен жол кырсыктарынын саны көбөйүүдө. Ушул багытта алдын алуу иштерин жүргүзүү тапшырмасы берилди беле?**

— Албетте тапшырмалар берилген. МАИлер иштеп жатышат. Түшүндүрүү иштери да жүрүп жатат. Бирок көп авария каталып жаткандыктын биринчи себеби айдоочуларда. Акыркы 20-30 жылда көпчүлүгү окубай туруп эле айдоочулук күбөлүк сатып алгандар. Эрежени сакташпайт. Жол белгилерин билишпейт. Азыр рейд өткөрүп, четинен сурап көрсөк дээрлик 90 пайыз айдоочулар жооп бере алышпайт. Бул проблеманы чечиш үчүн эки жылдан бери катуу иш жүрүп жатат. Мындан ары окубай туруп эч ким айдоочулук күбөлүк ала алышпайт. Окуп, жол эрежесине байланыштуу толук жооп бергенден кийин гана айдоочулук күбөлүк берилет. Жооп бере албаса экзамен тапшырып жүрө беришет.

**— Иниңиз Улан Жапаров коррупциялык иштерге аралашкан деп шектелип кармалды. Жакында эле баш коргоо чарасы каралып, камакта калтырылды. Ушул боюнча кандай комментарий бере аласыз?**

— Азыр заман башка. Баарына бирдей мамиле. Коррупцияга аралашты̆ңбы мейли ким болбо камаласың. Мамлекетке канча чыгым келтирсең эки эселеп төлөйсүң, анан чыгасың. Төлөбөсөң жата бересиң.

“Менин иним эле” деп камабай койсом башка инилерим да аралаша баштайт да. Кыргызда жакшы сөз бар: "Бирге жаза, миңге сабак" деген. Мына менин комментарийим.

**— Быйыл бир катар ички жолдор оңдолуп, жаңыланып жатат. Болуп көрбөгөндөй көп сандаган техникалар сатылып алынды. Жетишип атабы? Мамлекет жолдорду өзү салабы?**

— Мындан ары жолдорду мамлекет өзү курат. Буга чейин техникабыз жок же адистерибиз жетишпейт деген шылтоо менен чет өлкөлүк компанияларга же жеке жактарга үч-төрт эсе кымбат баага берип келишкен. Себеби, алар менен бөлүшүп жегенге ылайыктуу болгон. "Сага тендерден утуп берем. Мага баланча процентин бересиң" - деп ачык эле соодалашып, жеп келишкен. Бул эч кимге жашыруун эмес. Ошондуктан Транспорт министрлигине техникаларды алып берип, жолдорду өзүбүз сала баштадык. Үч-төрт эсе арзан. Азыр дагы толук техникаларыбыз келе элек. 700гө жакын техника келет. Кудай буюрса келечекте ар бир айылга чейин асфальт басабыз. Күчүбүз да, бюджетибиз да жетет.

**— Мурдагы министр Динара Кутманова тушунда кызматта тургандардын бир катарына, анын жакындарына кылмыш иши козголду, кармалды. Динара Кутманова убагында сизди "Кумтөр" маселесинде катуу колдоп, кийин сиз бийликке келгенде жалгыз айым министр болуп иштеп, ишмердүүлүгүнө карата ар кандай пикирлер айтылып келди. Ага кылмыш иши козголду. "Баламды бандиттер уурдап кетишти, акча талап кылып атышат" деп да чыкты. Ушул боюнча сиздин пикириңиз кандай?**

— Баласын эч кандай эч ким уурдап кетпептир. Мага да Динара айым ыйлап кайрылганынан чындап эле ишенип алыпмын. Дароо министрге чалдым. Чалсам "спектакль уюштуруп атышыптыр" дейт. Көрсө, жоопкерчиликтен качыш үчүн өздөрү уюштуруп коюшуптур. Түркияда кармалып турат. Жакында депортация болуп келет. "Кумтөр" маселесинде колдоду эле деп кантип жоопкерчиликтен четтетип коёбуз? Мага жеткен маалыматтар боюнча "Кумтөрдөн" жаратылышты жашылдандырууга деп бөлүнгөн акчаларды жеп коюптур" - деп атышат. Бир тууган сиңдиси дароо баарын ачык айтып чыкты. Кайсы акчалар каякка кеткен, кимиси канча акча алган жана башка баарын айтып, көрсөтмө берди. Эми баласы келсе ал да сурак берет. Тергөө көрсөтөт. Таза болсо акталышат. Жеп койгон болсо төлөшөт. Коомчулукка баары ачык болот.

**— Жакында эле Россиянын тышкы иштер министри Сергей Лавров бизде мамлекеттик тил боюнча мыйзамдын кабыл алынышына карата пикирин билдирди. Анда ал бардык мамлекеттик кызматкерлерди мамлекеттик тилди билүүгө милдеттүү кылуу демократиялуу эмес экенин, мамлекеттик кызматкерлерден тышкары буга мугалимдер, дарыгерлер кошулганын айткан. Чын эле эми бул мыйзамдын иштөөсү менен расмий тил - орус тили дискриминация болобу?**

— Сергей Лавров мыйзамды окубай туруп эле сүйлөп атса керек. Ал мыйзамда орус тили дискриминация болсун деген түшүнүк жок. Тескерисинче орус тили расмий тил катары колдонулат деп турат. Бул норма баш мыйзамда да бар. Бул нормалар кала берет. Мугалимдер менен врачтарга тиешеси жок. Элестетиңиз, мектепке орус улутундагы орус тил мугалимин алып атабыз дейли. Анан аны “сен кыргызча билбейт экенсиң” деп кызматка албай коёбузбу? Бизге кыргыз тили кандай керек болсо, орус тили дагы ошондой керек. Анткени, КМШ өлкөлөрү менен орус тилсиз иштей албайсың. Кытай, араб өлкөлөрүнө, ошол эле Европа өлкөлөрүнө барганда дагы орус тилинде сүйлөшүп атпайбызбы. Бул жерде биз өз тилибизди да толук өздөштүрөлү деп атабыз да. Мамлекеттик кызматкерлердин, депутаттардын сүйлөгөндөрүн байкасаңар, жарымы орусча, жарымы кыргызча. Эч бирибиз же толук орусча сүйлөбөйбүз же толук кыргызча сүйлөбөйбүз. Аралаштырып урдуруп кете беребиз.

Ошондуктан эки тилди тең бирдей өздөштүрөлү. Керек болсо англис, француз, кытай тилин да үйрөнөлү. Канчалык көп тил билсең, ошончолук өзүңө жакшы эмеспи.

**Маектешкен**
**Медербек ШЕРМЕТАЛИЕВ**

## САДЫР ЖАПАРОВ ШАВКАТ МИРЗИЁЕВДИ КУТТУКТАДЫ

Президент Садыр Жапаров менен Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев телефон аркылуу сүйлөштү.

Садыр Жапаров Шавкат Мирзиёевди туулган күнү менен куттуктап, ага чың ден соолук жана бир тууган өзбек элинин бакубатчылыгы үчүн жоопту мамлекеттик ишмердигинде мындан аркы ийгиликтерди каалады.

Ошондой эле кыргыз-өзбек эки жана көп тараптуу кызматташтыгынын актуалдуу багыттарын, аймактык күн тартибин талкуулашты.

## АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕР ТАЛКУУЛАНДЫ



Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасы Михаил Мишустин менен телефон аркылуу сүйлөштү.

Тараптар кыргыз-орус кызматташтыгынын актуалдуу маселелерин, анын ичинде соода-экономикалык, социалдык-гуманитардык жана инвестициялык чөйрөдө биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууну талкуулашты.

Евразия экономикалык биримдигиндеги интеграциялык кызматташуу маселелерине өзгөчө көңүл бурулду.

## БАЙЛАНЫШТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ ТАЛКУУЛАНДЫ

Эки өлкөнүн кызыкчылыгын туудурган түрдүү тармактардагы кыргыз-армян кызматташуусунун актуалдуу маселелери тууралуу Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Армения Республикасынын Премьер-министри Никол Пашинян менен телефон аркылуу сүйлөштү. Экономикалык байланыштарды мындан ары өнүктүрүүнүн жолдору да талкууланды.

## АЛЫСКЫ АЙМАКТАРДА ИНТЕРНЕТ КОЛДОНУУГА МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮЛӨТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов америкалык SpaceX (Space Exploration Technologies Corporation) компаниясынын өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү өткөрдү. Анда Кыргызстанда Starlink спутниктик интернет системасына кирүүгө жол ачуу маселелерин талкуулашты.

Ошондой эле өлкөнүн жетүүгө кыйын аймактарындагы жалпы билим берүүчү мектептерди жана мамлекеттик мекемелерди интернетке кошуу үчүн Starlink технологиясын колдонуу мүмкүнчүлүгүн талкуулашты.

Эдил Байсалов Кыргыз Республикасы Starlink компаниясына өлкө боюнча маалыматтарды берүү кызматына лицензия берүүгө даяр экендигин билдирди.

**“Эркин-Тоо” пресс**

Саресеп

# ОТУЗ ЖЫЛГА ТЕТЕ ЭКИ ЖЫЛ

КРнын Министрлер Кабинети 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгын чыгарып, Министрлер Кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров, 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча республикалык бюджет 2 миллиард 340 миллион сом профицит менен аткарылганын, 2022-жылдын 6 айына салыштырмалуу салыктык түшүүлөрдүн өсүшү 27,1%ды же 25,2 млрд сомду түзгөнүн, кирешелер боюнча бекитилген план 2 млрд сомго ашык чогулганын билдирди. Экономикада фискалдык саясаттын жөнгө салынышы, соода жүгүртүүдө кассалык машиналарды, электрондук эсеп-фактураларды киргизе баштагыны өз натыйжасын бере баштаптыр.

Жыйында аймактардагы жетекчилердин иши сынга алынып, административдик-аймактык реформанын алкагында иштер жүрүп жатканы менен бирок аймактардан сунуштар дээрлик жок экени баса белгиленди. Бүгүнкү күндө Нарын облусунун Кочкор районунда жана Ысык-Көл облусунун Түп районунда административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жатканы менен анын дурус жана буруш жактарына кызыкпаган жергиликтүү бийликтин мажирөөлөгү жыйында айтылды. Кыргызстанда акимдерге жетишерлик шартта ыйгарым укуктар берилген. Керек болсо, Министрлер Кабинетинин төрагасы ар бир районго өнүктүрүү фондун ачып, миллиондогон сом каражаттарды бөлүп берип жатканы менен, акимдердин алгылыктуу иши көрүнбөй жатканын моюнга алышыбыз керек. Ат-Башы районунда жарым жылда 2 жумуш орду түзүлгөнү эмнени түшүндүрөт?

Жыйындын жүрүшүндө мамлекет тарабынан белгиленген иш-чараларды так аткара албагандыгы үчүн Инвестицияларды тартуу боюнча улуттук агенттик, Мамлекеттик курулуш агенттиги “2” алышты. Бул көрүнүш экономиканын өнүгүү саясатын аныктаган тармактардын ана башында турган мамлекеттик мекемелердин өз ишине болгон кайдыгер мамилеси. Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев, өлкөдө коррупция менен күрөшүүнүн натыйжасында, биринчи жарым жылдыкта экономикалык кылмыштардан бюджетке 6 миллиард сомдон ашык каражат түшкөнүн билдирди. Ал ошондой эле аткаминерлердин коррупциялык аракеттерине катаал чаралар көрүлөрүн белгилеп, мурдагы Жаратылыш министри Динара Кутманова кызматка өзүнүн туугандарын тартканын, ошону менен бирге бир нече долбоорлорго миллиарддаган сом каражат бөлүнгөнү менен натыйжа чыкпагынын билдирди. Учурда Д.Кутманованын жакындары колго түшүп, коррупциялык иштер боюнча тергөө иштери жүрүп жатыптыр.

Алты айдын жыйынтыгы боюнча кандай тыянакка келүүгө болот? Эң оболу Кыргызстан өз алдынча экономикалык саясат жүргүзүүгө жетишкени айгине болду. Ири долбоорлорду курууда чет элдик компаниялардын көзүн карабаган чекке жетиптирбиз. Ички жана тышкы карыздар убагында төлөнүп, өзүбүздүн каражаттын эсебинен темир жол, автоунаа жолдору, социалдык объектилер жана башка турмушка зарыл болгон курулуштар ишке ашырылып жатыптыр. Экономикалык өнүгүү Евразиялык биримдикте дагы өзүнүн оң баасын алып жатат. Демек, өлкө бийлиги эки жылдын ичинде отуз жылга тете реформаларды жасап жатканын моюнга алышыбыз керек.

**Шекербек КАЛЫКОВ**

Күндүн темасы

**КРнын Министрлер Кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил БАЙСАЛОВ:**

# “Аймактык жетекчилердин жоопкерчилигин күчөтүү зарыл”



Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Эдил Байсалов өкмөттүн жарым жылдык иши талкууланган жыйында сырттан келген инвестицияны иштетүү менен экономикалык өсүштү 9%га чейин жеткирүү мүмкүнчүлүгү бар экенин билдирди.

"Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгынан улам биз былтыркы 7% өсүү темпинен ишенимдүү түрдө аша тургабыздыы көрүп жатабыз. Биз 9%га да жете алабыз. Эгерде тышкы инвестициялардын жок дегенде кайсы бир үлүшүн өздөштүрүп, ишти күчөтсөк 10%га да чыксак болот" деди Э.Байсалов.

Тышкы инвестицияларды иштетүүгө аймактык жетекчилер жакшы көңүл бурбай жатканын билдирип, аларды тыңыраак иштөөгө чакырды.

“Дээрлик жума сайын биздин Президентибиз, Министрлер Кабинетинин төрагасы инвесторлор менен жолугуп, келишимдер түзүлүүдө. Бирок аларды ишке ашырууда аксап жатабыз. Мына Ат-Башынын акимин угуп отурсак, былтыртан бери райондо болгону эки ишкана ачылып, эки жумуш орду түзүлүптүр...» деген төраганын орун басары, экономикалык өсүш жана инвестиция тартуу үчүн аймактардын жетекчилеринин жоопкерчилигин күчөтүү зарылдыгын белгилеп, Жалал-Абад облусунун губернатору «Камбар-Ата үчүн күрөшмөйүнчө, биз аны эч качан курбайбыз. Бул виртуалдык жана кагаз жүзүндө болот» деп олуттуу маселе көтөрдү.

Иш билги

**Ысык-Көл районундагы Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтүнүн башчысы Уланбек АБДЫРАХМАНОВ:**

# “Өрнөктөгү жер көйгөйүн чечүүгө аракет кылып жатабыз”

Соңку 2 жылдан бери курорттук өрөөндөгү эң ири айыл өкмөтүнүн “эки тизгин, бир чылбыры” Уланбек мырзанын колунда. Жердештери менен айыл тургундары аны тартип менен тазалыкты биринчи орунга коюп, жергиликтүү элдин кызыкчылыгы үчүн күнү-түнү чапкылап, тер төгүп жүрүшкөнүн жашырышпады. Мындай шартта кошумчалаар сөз: Эр жигит үчүн элдин берген батасы менен бийик баасынан өткөн олжо болбосо керек...



**- Уланбек мырза, райондогу эң ири айыл өкмөттүн бийлиги сиздин колуңузда эмеспи. Мындай шартта, аймактагы аткарылып жаткан иштерден кеп салып бербейсизби?**

- Биздин айыл өкмөт Чок-Тал, Өрнөк, Чоң-Сары-Ой, Сары-Ой жана Бает айылдарынан турат. Учурда бекитилген стратегиялык планыбыздын үстүндө иштеп жатабыз. Буга чейин айыл өкмөттүн курамындагы айылдардагы жаңы конуштарга электр энергиясын тартуу, арабдардын “Ас-Салам” фондусу аркылуу Чоң-Сары-Ой жана Сары-Ой айылдарынын жаңы конуштарына ичүүчү таза суу чыгартып, көптөн берки көйгөйдү чечип алдык. Биздин айыл өкмөттүн карамагында 5 ФАП бар. Ушул 5 ФАП тең заманбап шартта демөөрчүлөрдүн көмөгү менен салынды. Ар бир айыл өкмөттө социалдык имараттар, 3 айылда бала бакча болсо, дагы 2 айылда долбоор даярдалды. Айыл өкмөтүбүздүн аймагында социалдык имараттарыбыз курулду. Суу, свет өңдүү маселелер чечилди. Ички көчөлөрүбүзгө чейин түнкү жарыктар орнотулду. Эмки максатыбыз буга чейин жарандарга мыйзамсыз өтүп кеткен муниципалдык жерлерибизди кайтарып, ошол жерлерибизди өзүбүзгө кайтаруу менен инвесторлорду таап, алар аркылуу жашылча, жемиштерди сактаган муздаткыч аппараттарын алып, өндүрүштү жолго коюп, керек болсо өркүндөтүшүбүз керек болуп жатат. Кудай буюрса бул тилегибизге жетебиз! Башкысы аракетибиз бар!

**- Учурда курорттук аймакка эс алуучулар байма-бай келип жаткан чагы. Быйыл сезон сиздердин аймакта кандай ыргакта өтүүдө? Эс алуучулардын агымы жергиликтүү конок үйлөрү менен пансионаттарга сиздер күткөндөй эле келип жатабы?**

- Акыркы 2 аптанын ичинде биздин аймактагы эс алуу жайларында мейли пансионат, мейли жеке үйлөр болсун бош орундар жок. Дүйнөнүн чар тарабынан келишкен эс алуучулар кадимкидей толду. Мындан сырткары жапайы кум жээкке (пляж) тамак-ашын артынып, автоунаасын токтотуп коюу менен ошол жерге түнөп эс алгандар болууда.

**- Эс алуучулар го толоорун толуп жатыптыр. Көл жээктеринин тазалыгы кандай болууда?**

- Сөзсүз түрдө көл жээгинин тазалыгын биринчи орунга коёбуз. Азыр кум жээкте эс алуучулар өтө көп. Мындай шартта анан кантип тазалыкка көңүл бурбай коёбуз?

**- Президентибиздин көл жээгиндеги тосмолорду алып, ойдогудай шартта эс алуучуларга шарт түзүү боюнча жарлыгы кандай деңгээлде аткарылып жатат?**

- Ооба, Президентибиздин №150 Жарлыгына №153 Жарлыгы менен өзгөртүү киргизилбедиби. Ошонун негизинде бардык эс алуу жайларына билдирме бергенбиз. Бул жагын алар кыйшаюусуз аткарышты. Учурда бардык тосмолор алынган.

**- “Курорттуу аймактан жер алып, үй же эс алуу жайын куруп алсам” дегенге жергиликтүү элдин гана эмес, өлкөбүздүн бардык аймактарынын каалоосу күч экени талашсыз. Дегеле сиз башкарган аймакта жергиликтүү элдин турак-жай көйгөйүн чечүүгө “баш оорутуп” жатасызбы?**

- Жеке эле турак жай көйгөйү эмес, жетекчи болгон соң карамагыңдагы карапайым жашоочулардын бардык маселесине өзүң аймакчы “баш оорутасың” да. Кантип эле жөн отуруп калалы? Анын ичинен албетте, турак жай көйгөйү да бар. Азыр ошол эле Өрнөк баштаган биздин айыл өкмөттүн курамындагы бардык айылдарда дал ушул турак жай куруу үчүн жер тилкесин чечип берүү боюнча тиешелүү жогорку мамлекеттик органдар, министрликтер менен биргеликте иштерди жүргүзүп жатабыз. Маселе чечилген соң бул жагын жергиликтүү тургундарга сөзсүз кабарлайбыз. Сөздүн кыскасы, бул маселе жеке менин көзөмөлүмдө...

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## 2021-ЖЫЛДЫН АПРЕЛИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ОБЛУСУНДА ЖАНА 2022-ЖЫЛДЫН СЕНТЯБРЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН ЖАНА ОШ ОБЛУСТАРЫНДА БОЛУП ӨТКӨН ОКУЯЛАРДЫН КЕСЕПЕТИНЕН КУРМАН БОЛГОНДОРДУН ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮН ЖАНА ЖАБЫР ТАРТКАН ЖАРАНДАРДЫ СОЦИАЛДЫК КОРГОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-глава. Жалпы жоболор**

**1-берене. Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн жана жабыр тарткан адамдарды социалдык коргоо жөнүндө мыйзамдар**

2021-жылдын апрелинде Кыргыз Республикасынын Баткен облусунда жана 2022-жылдын сентябрында Кыргыз Республикасынын Баткен жана Ош облустарында болуп өткөн окуялардын кесепетинен курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн жана жабыр тарткан адамдарды социалдык коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынан, ушул Мыйзамдан, ошондой эле алардын социалдык коргоого багытталган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

**2-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр пайдаланылат:

1) **курман болгон адамдар** - мөөнөтүнүн эскиргенине карабастан, алардын каза болушуна же өлүшүнө 2021-жылдын 28-30-апрелинде Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы, ошондой эле 2022-жылдын 14-17-сентябрында Кыргыз Республикасынын Баткен жана Ош облустарындагы окуяларда алган жаракаттары себеп болуп, курман болгон же өлгөн адамдар;

2) **жабыр тарткан адамдар** - соттук-медициналык экспертизанын тиешелүү корутундусу менен ырасталган, ден соолугуна оор, анча оор эмес жана жеңил жаракат алган адамдар, ошондой эле 2021-жылдын 28-30-апрелинде Кыргыз Республикасынын Баткен облусундагы, ошондой эле 2022-жылдын 14-17-сентябрында Кыргыз Республикасынын Баткен жана Ош облустарындагы окуяларда алган жаракаттардын кесепетинен майыптыгы бар жактар деп таанылган адамдар.

**3-берене. Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү**

Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү төмөнкүлөргө жайылтылат:

1) курман болгон адамдардын балдарына;

2) эгерде курман болгон адам жалгыз баласы болсо, курман болгон адамдардын ата- энелерине (атасына, энесине);

3) жабыр тарткан адамдарга.

**4-берене. Социалдык кепилдиктерди белгилөө**

Ушул Мыйзамда курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрү жана жабыр тарткан адамдар үчүн социалдык кепилдиктердин негизги жана кошумча түрлөрү белгиленет.

**5-берене. Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарга карата мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу**

Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарга карата мамлекеттик саясат төмөнкүлөрдү карайт:

1) курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарга укуктук жана социалдык кепилдиктерди камсыз кылуучу максаттуу мамлекеттик жана жергиликтүү программаларды иштеп чыгууну жана ишке ашырууну;

2) 2021-жылдын апрель окуяларынын жана 2022-жылдын сентябрь окуяларынын катышуучуларынын баатырдык иштери, мамлекеттин кызыкчылыктарын, жарандардын өмүрүн жана кадыр-баркын коргоодогу эрдиктери жөнүндө фактыларды жалпыга маалымдоо каражаттарында максаттуу чагылдырууну.

**6-берене. Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн, жабыр тарткан адамдарды социалдык коргоо программаларын жүзөгө ашырууда жана курман болгондордун элесин түбөлүккө калтырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы**

2021-жылдын апрелинде жана 2022-жылдын сентябрында болгон окуялардын кесепетинен курман болгондордун элесин түбөлүккө калтыруу, жабыр тарткан жарандарды социалдык коргоо боюнча максаттуу программалар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан иштелип жана жүзөгө ашырылып жатат, анда курман болгондордун үй-бүлөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарга өзгөчө көңүл бурулат.

**7-берене. Ушул Мыйзамды ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдарды каржылоо**

1. Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарга социалдык кепилдиктерди берүүгө чыгымдар республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт.

2. Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарды социалдык коргоонун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кошумча белгиленген чараларын каржылоо тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

3. Ушул Мыйзамда белгиленген социалдык кепилдиктерди каржылоо үчүн кошумча каражаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан белгиленген тартипте алынышы мүмкүн.

**2-глава. Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнө жана жабыр тарткан адамдарга социалдык кепилдиктер**

**8-берене. Ар айлык кошумча социалдык жөлөкпул**

1. Ар айлык кошумча социалдык жөлөкпул - 2021-жылдын 28-30-апрелинде Баткен облусундагы жана 2022-жылдын 14–17-сентябрында Баткен жана Ош облустарындагы окуялардын кесепетинен курман болгон адамдардын балдарына жана ата-энелерине, ошондой эле майыптыгы бар деп таанылган, жабыр тарткандарга мыйзамдарда белгиленген башка социалдык төлөмдөргө кошумча дайындалуучу ар айлык социалдык жөлөкпулдун түрү.

2. Ар айлык кошумча социалдык жөлөкпул төмөнкүлөргө дайындалат:

1) курман болгон адамдардын балдарына - алар он сегиз жаш куракка толгонго чейин;

2) курман болгон адамдардын ата-энелерине (атасына, энесине) - курман болгон адам жалгыз баласы болгон учурда пенсия курагына жеткенде - өмүр бою;

3) майыптыгы бар адамдар деп таанылган жабыр тарткандарга - майыптыгы белгиленген датадан тартып медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын корутундусун колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин.

Кошумча социалдык жөлөк пулдун өлчөмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

3. Ар айлык кошумча социалдык жөлөкпулдарды дайындоонун жана төлөөнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

**9-берене. Курман болгон адамдардын балдарына социалдык кепилдиктер**

Курман болгон адамдардын балдарына төмөнкүлөргө кепилдик берилет:

1) мектепке чейинки мамлекеттик билим берүү уюмдарында, дарылоо жана санаториялык типтердеги мамлекеттик адистештирилген балдар мекемелеринде, ден соолукту чыңдоочу мамлекеттик лагерлерде жана башка ден соолукту чыңдоочу мамлекеттик мекемелерде кезексиз жана акысыз орундар менен камсыз кылуу;

2) кесиптик башталгыч, орто жана жогорку билим берүү уюмдарынын бюджеттик бөлүмдөрүнө тапшыруу үчүн квоталарды берүү;

3) алар он сегиз жаш куракка толгонго чейин Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасына ылайык акысыз текшерүү жана медициналык жардам көрсөтүү;

4) жеке турак жай куруу үчүн жер участкторун жер жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте биринчи кезекте алуу (бир жолу).

**10- берене. Жабыр тарткан адамдарга социалдык кепилдиктер**

Жабыр тарткан адамдарга төмөнкүлөр кепилденет:

1) Кыргыз Республикасынын жарандарын медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык тейлөө жана дары-дармектер менен жеңилдетилген камсыз кылуу;

2) биринчи деңгээлдеги дарылоочу-профилактикалык уюмдарда артыкчылыктуу тейлөө жана стационарларга кезексиз жаткыруу;

3) медициналык корутундуларга ылайык протездик-ортопедиялык буюмдар менен акысыз камсыз кылуу;

4) санаторийлерге, профилакторийлерге жана эс алуу үйлөрүнө жолдомолор менен иштеген жери боюнча камсыз кылууга артыкчылыктуу укук;

5) «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте жана шарттарда аскердик кызмат өтөөдөн бошотуу;

6) жеке турак жай куруу үчүн жер участокторун жер жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте биринчи кезекте алуу (бир жолу);

7) жайыттар жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте чөп чабуу үчүн участокторду жана малды жаюу үчүн жайыттарды биринчи кезекте алуу;

8) турак жай мыйзамдарында белгиленген тартипте алар ээлеген мамлекеттик жана коммуналдык турак жай фондунун турак жайларын жеке менчикке акысыз өткөрүп берүү;

9) улгайгандар жана майыптыгы бар адамдар үчүн жаткак үйлөргө кезексиз кабыл алууга укугу, ошондой эле социалдык коргоо органдары тарабынан үйүндө кезексиз тейлөөгө укугу.

**11-берене. Ушул Мыйзамда каралбаган кошумча социалдык кепилдиктер жөнүндө**

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, ишканалар, мекемелер жана уюмдар, кесиптик бирликтердин бирикмелери өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде төмөнкүлөр боюнча кошумча чараларды көрө алат:

1) курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүн жана жабыр тарткан адамдарды тамак-аш азыктары, отун менен камсыз кылуу боюнча;

2) турак жай-тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча;

3) жеке же кооперативдик курулушка, ошондой эле медициналык, соода жана транспорттук тейлөөгө пайызсыз ссуда берүү боюнча.

**3-глава. Корутунду жоболор**

**12-берене. Ушул Мыйзамды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары ушул Мыйзамды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган тартипте жоопкерчилик тартышат.

**13-берене. Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана жабыр тарткан адамдардын укуктарын юридикалык жактан коргоо**

Курман болгондордун үй-бүлө мүчөлөрү жана жабыр тарткан адамдар мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам алууга укуктуу.

**14-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 20-июлу, №142***

---

## АТАЙЫН ДЕКЛАРАЦИЯНЫ БЕРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Жеке жактардын активдерин ыктыярдуу легалдаштыруу жана мунапыс берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесинин 10-бөлүгүнө жана 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Активдер жөнүндө атайын декларацияны толтуруу жана күбөлөндүрүү тартиби 1-тиркемеге ылайык;

2) активдер жөнүндө атайын декларациянын формасы 2-тиркемеге ылайык;

3) Активдер жөнүндө атайын декларациянын реестрин жүргүзүү тартиби 3-тиркемеге ылайык;

4) Активдер жөнүндө атайын декларациянын реестринин формасы 4-тиркемеге ылайык.

**2.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги республикалык бюджеттин кирешесине декларациялык төлөмдү чегерүү үчүн аккумуляциялык эсепти камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги атайын декларацияларды күбөлөндүрүүчү нотариалдык иш-аракеттерди жасоо укугуна ээ ыйгарым укуктуу кызмат адамдарын атайын декларациянын формасы менен камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 20-апрелиндеги №158 "Мүлктү жана кирешелерди ыктыярдуу декларациялоо жөнүндө декларацияны берүү тартиби тууралуу" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 17-июлу, №364***

---

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2000-ЖЫЛДЫН 2-ИЮНУНДАГЫ №315 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕМИР ЖОЛ УСТАВЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун курууну жана ондоону жүзөгө ашырган Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ведомстволук уюмдарынын бюджеттик каражаттарын үнөмдөө максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 2-июнундагы №315 "Кыргыз Республикасынын Темир жол Уставын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Темир жол Уставында:

- 114-берене төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Битумду өз муктаждыктары үчүн ташуу боюнча жүк алуучу болуп саналган Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ведомстволук уюмдары 112-беренеде көрсөтүлгөн айып пулдарды төлөөдөн бошотулат.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 17-июлу, №363***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О СОЦИАЛЬНОЙ ЗАЩИТЕ ЧЛЕНОВ СЕМЕЙ ПОГИБШИХ И ПОСТРАДАВШИХ ГРАЖДАН В РЕЗУЛЬТАТЕ СОБЫТИЙ, ПРОИЗОШЕДШИХ В АПРЕЛЕ 2021 ГОДА В БАТКЕНСКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И В СЕНТЯБРЕ 2022 ГОДА В БАТКЕНСКОЙ И ОШСКОЙ ОБЛАСТЯХ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 июня 2023 года*

### Глава 1. Общие положения

**Статья 1. Законодательство о социальной защите членов семей погибших и пострадавших лиц**

Законодательство Кыргызской Республики о социальной защите членов семей погибших и пострадавших лиц в результате событий, произошедших в апреле 2021 года в Баткенской области Кыргызской Республики и в сентябре 2022 года в Баткенской и Ошской областях Кыргызской Республики, состоит из Конституции Кыргызской Республики, настоящего Закона, а также других нормативных правовых актов Кыргызской Республики, направленных на их социальную защиту.

**Статья 2. Основные понятия, используемые в настоящем Законе**

В настоящем Законе используются следующие основные понятия:

1) **погибшие лица** - погибшие, а также умершие лица, причиной гибели или смерти которых, независимо от срока давности, явились полученные ранения в событиях 28-30 апреля 2021 года в Баткенской области Кыргызской Республики, а также в событиях 14-17 сентября 2022 года в Баткенской и Ошской областях Кыргызской Республики;

2) **пострадавшие лица** - лица, получившие тяжкий, менее тяжкий и легкий вред здоровью, подтвержденный соответствующим заключением судебно-медицинской экспертизы, а также лица, признанные лицами с инвалидностью вследствие травм, полученных в событиях 28-30 апреля 2021 года в Баткенской области Кыргызской Республики, а также в событиях 14-17 сентября 2022 года в Баткенской и Ошской областях Кыргызской Республики.

**Статья 3. Сфера действия настоящего Закона**

Сфера действия настоящего Закона распространяется:

1) на детей погибших лиц;

2) на родителей (отца, мать) погибших лиц, если погибший был единственным ребенком;

3) на пострадавших лиц.

**Статья 4. Установление социальных гарантий**

Настоящим Законом устанавливаются основные и дополнительные виды социальных гарантий для членов семей погибших и пострадавшим лицам.

**Статья 5. Осуществление государственной политики в отношении членов семей погибших и пострадавших лиц**

Государственная политика в отношении членов семей погибших и пострадавших лиц предусматривает:

1) разработку и реализацию целевых государственных и местных программ, обеспечивающих правовые и социальные гарантии членам семей погибших и пострадавшим лицам;

2) целенаправленное освещение в средствах массовой информации фактов о героических поступках участников апрельских событий 2021 года и сентябрьских событий 2022 года, подвигах при защите интересов государства, жизни и достоинства граждан.

**Статья 6. Компетенция органов местного самоуправления в осуществлении программ социальной защиты членов семей погибших, пострадавших лиц и увековечении памяти погибших**

Органами местного самоуправления разрабатываются и осуществляются целевые программы по увековечению памяти погибших, социальной защите граждан, пострадавших в результате событий, произошедших в апреле 2021 года и в сентябре 2022 года, в которых особое внимание уделяется семьям погибших и пострадавшим лицам.

**Статья 7. Финансирование расходов, связанных с реализацией настоящего Закона**

1) Расходы на предоставление социальных гарантий членам семей погибших и пострадавшим лицам производятся за счет средств республиканского бюджета.

2) Финансирование дополнительно установленных органами местного самоуправления мер социальной защиты членам семей погибших и пострадавшим лицам осуществляется за счет средств соответствующих местных бюджетов.

3) Дополнительные средства для финансирования установленных настоящим Законом социальных гарантий могут быть в установленном порядке получены из иных источников, не запрещенных законодательством Кыргызской Республики.

### Глава 2. Социальные гарантии членам семей погибших и пострадавшим лицам

**Статья 8. Дополнительное ежемесячное социальное пособие**

1. Дополнительное ежемесячное социальное пособие - вид ежемесячного социального пособия, назначаемого детям и родителям погибших лиц, а также пострадавшим, признанным лицами с инвалидностью, вследствие событий 28-30 апреля 2021 года в Баткенской области и 14-17 сентября 2022 года в Баткенской и Ошской областях, дополнительно к другим законодательно установленным социальным выплатам.

2. Дополнительное ежемесячное социальное пособие назначается:

1) детям погибших лиц - до достижения ими возраста восемнадцати лет;

2) родителям (отцу, матери) погибших лиц - по достижении пенсионного возраста в случае, если погибший был единственным ребенком, - пожизненно;

3) пострадавшим, признанным лицами с инвалидностью, - с даты установления инвалидности до окончания срока действия заключения медико-социальной экспертной комиссии.

Размер дополнительного социального пособия определяется Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

3. Порядок назначения и выплаты дополнительных ежемесячных социальных пособий утверждается Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

**Статья 9. Социальные гарантии детям погибших лиц**

Детям погибших лиц гарантируется:

1) внеочередное и бесплатное обеспечение местами в государственных дошкольных образовательных организациях, государственных специализированных детских учреждениях лечебного и санаторного типов, государственных оздоровительных лагерях и других оздоровительных государственных учреждениях;

2) предоставление квоты для поступления на бюджетные отделения организаций начального, среднего и высшего профессионального образования;

3) бесплатное обследование и оказание медицинской помощи до достижения ими возраста восемнадцати лет согласно Программе государственных гарантий по обеспечению граждан Кыргызской Республики медико-санитарной помощью;

4) первоочередное получение земельных участков для индивидуального жилищного строительства (один раз) в порядке, предусмотренном земельным законодательством.

**Статья 10. Социальные гарантии пострадавшим лицам**

Пострадавшим лицам гарантируется:

1) медицинское обслуживание и льготное медикаментозное обеспечение в рамках Программы государственных гарантий по обеспечению граждан Кыргызской Республики медико-санитарной помощью;

2) преимущественное обслуживание в лечебно-профилактических организациях первичного уровня и внеочередная госпитализация в стационары;

3) бесплатное обеспечение протезно-ортопедическими изделиями согласно медицинским заключениям;

4) преимущественное право на обеспечение по месту работы путевками в санатории, профилактории и дома отдыха;

5) освобождение от воинской службы в порядке и на условиях, установленных Законом Кыргызской Республики «О всеобщей воинской обязанности граждан Кыргызской Республики, о военной и альтернативной службах»;

6) первоочередное получение земельных участков для индивидуального жилищного строительства (один раз) в порядке, предусмотренном земельным законодательством;

7) первоочередное получение участков для сенокошения и пастбищ для выпаса скота в установленном законодательством о пастбищах порядке;

8) безвозмездная передача в частную собственность занимаемых ими жилых помещений государственного и коммунального жилищного фонда в установленном жилищным законодательством порядке;

9) право на внеочередной прием в дома-интернаты для престарелых и лиц с инвалидностью, а также на внеочередное обслуживание органами социальной защиты на дому.

**Статья 11. О дополнительных социальных гарантиях, не предусмотренных настоящим Законом**

Местные государственные администрации, предприятия, учреждения и организации, профсоюзные объединения в пределах своих полномочий могут принимать дополнительные меры:

1) по обеспечению членов семей погибших и пострадавших лиц продуктами питания, топливом;

2) по улучшению жилищно-бытовых условий;

3) по предоставлению беспроцентной ссуды на индивидуальное или кооперативное строительство, а также медицинского, торгового и транспортного обслуживания.

### Глава 3. Заключительные положения

**Статья 12. Ответственность за неисполнение или ненадлежащее исполнение настоящего Закона**

Должностные лица органов государственной власти и органов местного самоуправления Кыргызской Республики за неисполнение или ненадлежащее исполнение настоящего Закона несут ответственность в порядке, предусмотренном законодательством Кыргызской Республики в сфере государственной гражданской службы и муниципальной службы.

**Статья 13. Юридическая защита прав членов семей погибших и пострадавших лиц**

Члены семей погибших и пострадавшие лица имеют право на гарантированную государством юридическую помощь в порядке, установленном законодательством о гарантированной государством юридической помощи.

**Статья 14. Вступление в силу настоящего Закона**

1) Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

2) Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 20 июля 2023 года, №142***

## 2023–2024-ОКУУ ЖЫЛЫНА МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ГРАНТТАРЫНЫН НЕГИЗИНДЕ АДИСТИКТЕРДИН ТИЗМЕГИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНА БИЛИМ АЛУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУНУН КӨЛӨМҮН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2023–2024-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде адистиктердин тизмеги жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына билим алуучуларды кабыл алуунун көлөмү тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

1) 2023–2024-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттары боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу планын бекитсин;

2) 2023-жылдын 30-ноябрына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине республиканын жогорку окуу жайларына мамлекеттик заказды жайгаштыруунун жыйынтыктары жөнүндө жыйынды отчетту берсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору 2023–2024-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде билим алуучуларга кеткен чыгымдарды тиешелүү жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын чегинде жүргүзсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 13-июлу, №362***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 11-МАРТЫНДАГЫ №131 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 289, 297, 298 ЖАНА 299-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Автотранспорт каражаттарын чогултуу үчүн арналган комплекттөөчү бөлүктөрдү импорттоодо кошумча нарк салыгын төлөөдөн бошотуу максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 297-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 289, 297, 298 жана 299-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси тиркемеге ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 12-июлу, №361***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (“СУГАТ АЙДОО ЖЕРЛЕРИН ЖАРАКТУУ ЖЕРЛЕРДИН БАШКА КАТЕГОРИЯЛАРЫНА ЖАНА ТҮРЛӨРҮНӨ КОТОРУУГА (ТРАНСФОРМАЦИЯЛООГО) МОРАТОРИЙ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ”, “ЖЕР УЧАСТОКТОРУН КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ” КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 15-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
“Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., №7, 767-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:
1- берененин экинчи бөлүгүнүн 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
“9) Кыргыз Республикасынын аэропортторунун аймактарын кеңейтүү жана аэропортторду куруу үчүн бөлүнгөн жерлерге;”.
**2-берене**
“Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №7, 931-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
5-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $8^1$ жана $8^2$-пункттар менен толукталсын:
“$8^1$) Кыргыз Республикасынын аэропортторунун аймактарын кеңейтүү жана аэропортторду куруу;
$8^2$) мамлекеттик маанидеги объекттерди жана Кыргыз Республикасынын жарандарын турак жай менен камсыз кылуу мамлекеттик программасын ишке ашыруунун алкагында көп кабаттуу турак үйлөрдү куруу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу мамлекеттик милдеттерди ишке ашыруу;”.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 21-июлу, №143***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ВВЕДЕНИИ МОРАТОРИЯ НА ПЕРЕВОД (ТРАНСФОРМАЦИЮ) ОРОШАЕМЫХ ЗЕМЕЛЬ ПАШНИ В ДРУГИЕ КАТЕГОРИИ ЗЕМЕЛЬ И ВИДЫ УГОДИЙ», «О ПЕРЕВОДЕ (ТРАНСФОРМАЦИИ) ЗЕМЕЛЬНЫХ УЧАСТКОВ»)**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 15 июня 2023 года*

**Статья 1**
Внести в Закон Кыргызской Республики «О введении моратория на перевод (трансформацию) орошаемых земель пашни в другие категории земель и виды угодий» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2009 г., №7, ст. 767) следующее изменение:
пункт 9 части второй статьи 1 изложить в следующей редакции:
«9) в земли, выделяемые для расширения территорий аэропортов и строительства аэропортов Кыргызской Республики;».
**Статья 2**
Внести в Закон Кыргызской Республики «О переводе (трансформации) земельных участков» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., №7, ст. 902) следующие изменения:
часть 2 статьи 5 дополнить пунктами $8^1$ и $8^2$ следующего содержания:
«$8^1$) расширения территорий аэропортов и строительства аэропортов Кыргызской Республики;
$8^2$) реализации государственных задач, определяемых Кабинетом Министров Кыргызской Республики в сфере строительства объектов государственного значения и многоэтажных жилых домов в рамках реализации государственной программы жилищного обеспечения граждан Кыргызской Республики;».
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.
Кабинету Министров Кыргызской Республики привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 21 июля 2023 года, №143***

**2023-ЖЫЛДЫН 24-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН САУД ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУНУН ОРТОСУНДАГЫ «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТУРАК ЖАЙДЫ КАРЖЫЛОО» ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2023-жылдын 24-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Сауд өнүктүрүү фондунун ортосундагы «Кыргыз Республикасында турак жайды каржылоо долбоору боюнча кредиттик макулдашуу ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Кредиттик макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө сауд тарапка кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 21-июлу, №144***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И САУДОВСКИМ ФОНДОМ РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «ЖИЛИЩНОЕ ФИНАНСИРОВАНИЕ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ», ПОДПИСАННОГО 24 АПРЕЛЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 июня 2023 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Саудовским фондом развития по проекту «Жилищное финансирование в Кыргызской Республике», подписанное 24 апреля 2023 года в городе Бишкек.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить саудовскую сторону о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Кредитного соглашения.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 21 июля 2023 года, №144***

**«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРОКУРАТУРАСЫ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
«Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 17-сентябры, №97) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
84-беренеде:
а) 5-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
«5. Мамлекеттик камсыздандыруу органдары прокуратура органдарынын сунуштамасы боюнча республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен камсыздандыруу суммасын төмөнкүдөй учурларда төлөп берет:
1) прокурор жана тергөөчү өз кызматтык милдеттерин аткарып жатканда курман болгондо (өлүмгө учураганда). Курман болгондун үй-бүлөсүнө анын акыркы кызмат орду боюнча жыйырма орточо айлык эмгек акысынын өлчөмүндө бир жолку жөлөкпул төлөнөт. Курман болгондун үй-бүлөсүнө кызматкер курман болгон учурда орун алган шарттарда жана негиздерде бардык шарты бар турак жай алуу укугу сакталат;
2) прокурор жана тергөөчү өз кызматтык милдеттерин аткарып жатканда мындан ары кесиптик иши менен алектенүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган мертинүү же майыптык алганда, төмөнкүдөй өлчөмдөрдө бир жолку камсыздандыруу суммасы төлөнөт:
а) I топтогу майыпка - акыркы кызмат орду боюнча он орточо айлык эмгек акы;
б) II топтогу майыпка - акыркы кызмат орду боюнча сегиз орточо айлык эмгек акы;
в) III топтогу майыпка - акыркы кызмат орду боюнча беш орточо айлык эмгек акы.
Өз кызматтык милдеттерин аткарып жатканда мертинүүнүн (жарадар болуунун, травманын, контузиянын) кесепетинен майыптык алган кызматкерге милдеттүү мамлекеттик камсыздандыруу боюнча алган төлөмдөрдү эсепке алынбастан, анын эмгек акысынын жана майыптыгы боюнча дайындалган пенсиясынын ортосундагы айырма түрүндө ай сайын компенсация төлөнөт.»;
б) 9-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:
«9. Кызматкер кызматтык милдеттерин аткарып жаткан убакта травма, мертинүү алган, бирок анын мындан ары кызмат өтөө мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылбаган учурда камсыздандыруу суммалары төмөнкүдөй өлчөмдөрдө төлөнөт:
1) оор мертинүү (жарадар болуу, травма, контузия) алган учурда - ээлеген кызмат орду боюнча маянанын 7 эселенген өлчөмү;
2) анча оор эмес мертинүү (жарадар болуу, травма, контузия) алган учурда - ээлеген кызмат орду боюнча маянанын 5 эселенген өлчөмү;
3) жеңил мертинүү (жарадар болуу, травма, контузия) алган учурда - ээлеген кызмат орду боюнча маянанын 3 эселенген өлчөмү.
Ушул бөлүктө көрсөтүлгөн камсыздандыруу суммалары прокуратура органдарынын сметасынын эсебинен төлөнөт.».
**2-берене**
Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2023-жылдын 21-июлу № 145***

## КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ПРОКУРАТУРЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 29 июня 2023 года*

**Статья 1**
Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О прокуратуре Кыргызской Республики» (газета «Эркин-Тоо» от 17 сентября 2021 года №97) следующие изменения:
в статье 84:
а) часть 5 изложить в следующей редакции:
«5. Органы государственного страхования выплачивают страховую сумму за счет средств республиканского бюджета по представлению органов прокуратуры в случаях:
1) гибели (смерти) прокурора и следователя при исполнении ими служебных обязанностей. Семье погибшего выплачивается единовременное пособие в размере двадцати среднемесячных заработных плат по последней должности. За семьей погибшего сохраняется право на получение благоустроенного жилого помещения на условиях и основаниях, которые имели место на момент гибели сотрудника;
2) получения увечья или инвалидности прокурором и следователем при исполнении ими служебных обязанностей, исключающих дальнейшую возможность заниматься профессиональной деятельностью, выплачивается единовременная страховая сумма в следующих размерах:
а) инвалиду I группы - десять среднемесячных заработных плат по последней должности;
б) инвалиду II группы - восемь среднемесячных заработных плат по последней должности;
в) инвалиду III группы - пять среднемесячных заработных плат по последней должности.
Сотруднику, получившему инвалидность вследствие увечья (ранения, травмы, контузии) при исполнении им служебных обязанностей, ежемесячно выплачивается компенсация в виде разницы между заработной платой и назначенной пенсией по инвалидности, без зачета выплат, полученных по обязательному государственному страхованию.»;
б) часть 9 изложить в следующей редакции:
«9. Страховые суммы выплачиваются также при получении сотрудником травм, увечий во время исполнения служебных обязанностей, но не исключающих для него возможность дальнейшего прохождения службы, в следующих размерах:
1) в случае получения тяжелого увечья (ранения, травмы, контузии) - 7-кратного размера оклада по занимаемой должности;
2) в случае получения менее тяжкого увечья (ранения, травмы, контузии) - 5-кратного размера оклада по занимаемой должности;
3) в случае легкого увечья (ранения, травмы, контузии) - 3-кратного размера оклада по занимаемой должности.
Страховые суммы, указанные в настоящей части, выплачиваются за счет сметы органов прокуратуры.».
**Статья 2**
Настоящий конституционный Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 21 июля 2023 года, №145***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 19-ДЕКАБРЫНДАГЫ №689 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙМАГЫНДА ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ЖАРАНДАРДЫ ЖАНА ЖАРАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫ КАТТОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Жарандарга жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 19-декабрындагы №689 "Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасына келген чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды турган жери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарда, ошондой эле мейманканаларда каттоодон бошотуунун мөөнөтү көрсөтүлгөн чет мамлекеттердин тизмесинде:

- 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Азербайжан Республикасы | 15 календардык күн |

";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо тартибинде:

- 4, 4[1]-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо Тышкы миграцияны эсепке алуунун бирдиктүү системасы (мындан ары - ТМЭБС) аркылуу жүзөгө ашырылат:

- келген жерине карабастан, калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бардык аймактык бөлүмдөрүндө;

- "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайтында.

Каттоого арыз берип жаткан учурда арыз ээсине ал ТМЭБСте катталган катар номер ыйгарылат.

"Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайтына жетүү операторлордун ыйгарым укуктарынын деңгээлине жараша калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Кабыл алуучу тарап үчүн "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды электрондук каттоо" сайтында "жеке кабинетти" пайдалануу мүмкүнчүлүгү каралган, анда мурда каттоо үчүн берилген уставдык жана башка документтер, ошондой эле кабыл алуучу тараптын өтүнмөсү боюнча мурда катталган чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар жөнүндө маалыматтар сакталат.

Кабыл алуучу тарап жеке маалыматтарды коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алынган жеке маалыматтарды коргоо үчүн бардык зарыл болгон техникалык жана уюштуруучулук чараларды сактайт.

4[1]. Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоодо алардын арызынын негизинде, калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-сентябрындагы №619 "Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык идентификациялык жеке номер ыйгарылат.";

- 9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"9. Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо тышкы саясат чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилүүчү визанын колдонуу мөөнөтүнө узартылган визанын колдонуу мөөнөтүнө каттоону узартуу укугу менен жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк жарандардын жарандыгы жок адамдардын каттоосунун колдонуу мөөнөтүн узартуу визанын колдонуу мөөнөтү узартылгандан кийин жүргүзүлөт. Мында чет өлкөлүк жаран жана жарандыгы жок адам калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга виза узартылган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде кайрылууга же "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайтында жогоруда аталган каттоо жол- жобосунан өтүүгө милдеттүү.";

- 12-пунктта "Кыргыз Республикасынын жарандары менен катар жалпы негиздерде" деген сөздөр "ушул Тартиптин 13-пунктунда белгиленген тартипте" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 13-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Иш жүзүндөгү дарек болуп жашоо үчүн техникалык, санитардык жана башка талаптарга жооп берген турак жай же жатаканалар, пансионаттар, конок үйлөр, хостелдер (мындан ары - башка турак жай) болушу мүмкүн.";

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Эгерде кабыл алуучу тарап турак жайдын же башка жайдын менчик ээси болуп саналбаса, чет өлкөлүк жараны же жарандыгы жок адамды каттоо турак жайдын же башка жайдын менчик ээсинин нотариалдык күбөлөндүргөн макулдугу же анын өкүлүнүн ыйгарым укуктарын ырастаган нотариалдык күбөлөндүргөн ишеним каты болгондо жүргүзүлөт.";

- 14-пунктта:

1-пунктчада:

экинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

үчүнчү абзацта "турак жай" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү "турак жай же башка жай" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2-пунктчанын бешинчи абзацы "турак жайдын" деген сөздөр "турак жайдын же башка жайдын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

экинчи абзацта "автоматташтырылган маалыматтык системага" деген сөздөр "ТМЭБС" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- 15-пунктта:

экинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

жетинчи абзацта "автоматташтырылган маалыматтык системага" деген сөздөр "ТМЭБС" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- 16-пунктта:

экинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

үчүнчү, тогузунчу абзацтарда "турак жай" деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү "турак жай же башка жай" деген сөздөргө алмаштырылсын;

он биринчи абзацта "автоматташтырылган маалыматтык системада" деген сөздөр "ТМЭБС" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- 17-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- кабыл алуучу тараптын өтүнүч каты. Кабыл алуучу тарап болуп Кыргыз Республикасынын жарандары, туруктуу жашап турууга укугу жана/же менчик турак же башка жайы бар чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, ошондой эле юридикалык жактар чыгышы мүмкүн. Эгерде кабыл алуучу тарап турак же башка жайдын менчик ээси болуп саналбаса, ушул Тартиптин 13-пунктунда белгиленген тартипте менчик ээсинин макулдугу кошумча берилет;";

алтынчы абзацта "турак жайдын" деген сөздөр "турак жайдын же башка жайдын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

сегизинчи абзацта "автоматташтырылган маалыматтык системага" деген сөздөр "ТМЭБС" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Этностук кыргыздар келген жеринин иш жүзүндөгү дареги жок болгон учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын тиешелүү органында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өтүнүч каты боюнча катталат. Этностук кыргыздарды каттоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын юридикалык дареги боюнча ким экендигин ырастоочу документтин негизинде жүргүзүлөт.";

- 17[1]-пунктта:

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- кабыл алуучу тараптын кайрылуусу. Кабыл алуучу тарап болуп Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана туруктуу жашоого уруксаты бар жана/же менчик турак жайы бар жарандыгы жок адамдар, ошондой эле юридикалык жактар боло алат. Эгерде кабыл алуучу тарап турак жайдын же башка жайдын ээси боло албаса, бул Тартиптин 13-пунктунда белгиленген тартипте менчик ээсинин макулдугу кошумча талап кылынат;";

алтынчы абзацта "турак жайдын" деген сөздөр "турак жайдын же башка жайдын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

сегизинчи абзацта "автоматташтырылган маалыматтык системага" деген сөздөр "ТМЭБС" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- 19-пунктта:

экинчи абзац күчүн жоготту деп таанылсын;

алтынчы абзацта "турак жайдын" деген сөздөр "турак жайдын же башка жайдын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

сегизинчи абзацта "автоматташтырылган маалыматтык системага" деген сөздөр "ТМЭБС" деген аббревиатурага алмаштырылсын;

- 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Кабыл алуучу тараптын өтүнүч каты эркин формада таризделет.";

- 21-пункттун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 22, 23-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"22. Каттоо талону ТМЭБСте сакталат жана чет өлкөлүк жаранга, жарандыгы жок адамга же кабыл алуучу тарапка кагаз же электрондук түрдө берилет.

Электрондук каттоо талону кагаз түрүндө берилген каттоо талонуна теңештирилет жана атайын окула турган коду бар.

23. Каттоо талону калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн жооптуу кызматкери тарабынан берилген документтердин негизинде ТМЭБСке тиешелүү жазууларды киргизүү аркылуу толтурулат.";

- 27-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

"ТМЭБСте чек арадан өтүү жөнүндө маалымат жок болгон учурларды кошпогондо, чет өлкөлүк жарандарды же жарандыгы жок адамдын калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга келиши милдеттүү эмес.

ТМЭБСте чет өлкөлүк жаран же жарандыгы жок адам жөнүндө маалымат жок болгон учурда калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан маалыматтар кол менен киргизилет жана бир жумуш күндүн ичинде себептерин аныктоо үчүн улуттук коопсуздук органына ТМЭБС аркылуу кабарлама жиберилет.";

- 28-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"28. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, ошондой эле кабыл алуучу тарап калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга Кыргыз Республикасынын аймагында каттоосуз жүрүүгө уруксат берүүчү мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөн кийин кайрылса же каттоо мөөнөтү өтүп кеткен учурда калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын кызматкери белгиленген тартипте каттоону жүргүзөт жана бир жумуш күнүндүн ичинде ТМЭБС аркылуу жогоруда аталган адамдарга карата укук бузуулар жөнүндө протокол түзүү үчүн ички иштер органдарына кабарлама жиберет.";

- 3-главанын аталышында, 29-пунктта "калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын" деген сөздөр "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 30, 31-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"30. Кабыл алуучу тарап (Кыргыз Республикасынын жараны, чет өлкөлүк жаран, туруктуу жашап турууга уруксаты бар жарандыгы жок адам) турак жайдын же башка жайдын менчик ээси болуп саналган жана "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайтына каттоо жол-жобосунан өтүүнү же каттоону узартууну кааласа:

1) "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайтына ким экендигин күбөлөндүрүүчү, документтердин маалыматтарын, ошондой эле турак жайга же башка жайга менчик укугун ырастоочу документтерди киргизүү аркылуу авторизациялоо жол-жобосунан өтөт;

2) ушул Тартиптин 14-19-пункттарына ылайык документтердин электрондук көчүрмөлөрүн тиркөө менен электрондук арыз толтурат (ТМЭБС аркылуу маалымат алуу мүмкүн болбогон учурда);

3) жеке маалыматтарды текшерүүгө макулдук берет жана электрондук арызды ырастайт.

Электрондук арыз ырасталгандан кийин электрондук сайт чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды каттоо үчүн мамлекеттик алымды төлөө кодун генерациялайт.

Юридикалык жактар "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайтына жетүүнү алуу үчүн келген жерине карабастан, калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бардык аймактык бөлүмдөрүнө кайрыла алат.

"Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайтына жетүүнү алуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

31. "Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды онлайн каттоо" сайты аркылуу келип түшкөн өтүнмө калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бир жумуш күнүндүн ичинде каралат.

Каталар жана дал келбестиктер табылган, арыз туура эмес толтурулган учурда, арыз ээсине арызда көрсөтүлгөн электрондук дарегине каталарды жана дал келбестиктерди ондоо зарылдыгы жөнүндө электрондук билдирүү жөнөтүлөт.

Каталарды жана дал келбестиктерди ондоого мүмкүн болбогондо турак жайдын же башка жайдын менчик ээси болуп саналган кабыл алуучу тарап келген жерине карабастан, калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бардык аймактык бөлүмдөрүнө кайрыла алат.

Каттоо жөнүндө чечим кабыл алынган учурда ТМЭБСте электрондук каттоо талону таризделет.

Арыз ээси зарыл болгондо каттоо талонун А-4 форматындагы ак кагазга чыгарып алса болот.

Электрондук каттоо талонун берүү жөнүндө маалыматтар тышкы миграция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар үчүн автоматтык түрдө жеткиликтүү болот.";

- Тартиптин тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети менен биргеликте Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды электрондук каттоо тартибин ишке ашырууну камсыз кылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 12-июлу, №349***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 24-ДЕКАБРЫНДАГЫ №341 "КЫРГЫЗИНДУСТРИЯ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУН ТҮЗҮҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Мамлекеттик ишканалардын ишин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341 "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомун түзүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Уставдык капиталдарындагы акциялардын (үлүштүн) мамлекеттик пакети "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомуна ишенимдүү башкарууга өткөрүп берилүүчү чарбалык коомдордун тизмесинде:

- 1, 4-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомуна ишенимдүү башкарууга өткөрүп берилүүчү мамлекеттик ишканалардын (филиалдарынын) - мүлктүк комплекстердин тизмесинде:

- 2, 4-пункттар күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 12-июлу, №353***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

Маанилүү маек

## Гүлмира ЧЕРИКОВА:

# "ММК төгүмдөрүн төлөбөгөндөрдү милдеттүү түрдө камтышыбыз керек"

Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу багытындагы иштер тууралуу ММК Фондунун Бишкек аймактык башкармалыгынын медициналык кызматтын сапатын экспертизалоо бөлүмүнүн башчысы Гүлмира Черикова менен баарлаштык.



**– Гүлмира Кыдыралиевна, милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) боюнча камсыздандырылган жарандар тууралуу айтып берсеңиз.**

– 2023-жылдын 22-февралында «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоору Жогорку Кеңеште үчүнчү окууда кабыл алынган. 2023-жылдын 29-мартында Президент Садыр Жапаров аталган мыйзамга кол койгондон кийин 2023-жылдын 10-апрелинен баштап күчүнө кирген.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Электрондук саламаттык сактоо борбору жетектеген Катталган калктын маалымат базасына ылайык 2023-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын Үй-бүлөлүк дарыгерлер топторуна жалпы 6 млн 770 миң 768 адам катталган. Анын ичинде милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) боюнча камсыздандырылгандардын саны 4 млн 100 миң 788 адам же 73,5 пайызды түзөт.

Ал эми Бишкек шаары боюнча алсак, катталган калктын саны 1 184,5 миң адам, анын ичинде ММК боюнча камсыздандырылгандардын саны 858,5 миң адам же 72,5 пайызды түзөт, ал эми 27,5%ы камсыздандырылган эмес.

Алардын ичинен калкыбыздын дээрлик 50%ы мамлекет тарабынан республикалык бюджеттин эсебинен камсыздандырылгандар. Тактап айтсам, 16 жашка чейинки балдар (мектепти аяктаганга чейинки), жогорку окуу жайларынын күндүзгү бөлүмдөрүнүн 21 жашка чейинки студенттери, пенсионерлер, мөөнөттүү кызмат өтөгөн жоокерлер, социалдык жөлөк пул алган жарандар жана калкты ишке орноштуруу органдарында катталган жумушсуздар.



Мындан тышкары, калкыбыздын 20-23,5%ы үчүн медициналык камсыздандырууга төгүмдөр келип түшөт. Мисалы, иштегендер үчүн иш берүүчү айлык акынын 2% өлчөмүндө, жеке ишкерлерден орточо айлыктан 1%, фермердик чарбалардан камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифинин жылдык базалык ставкасынын 10%ы.

**– Социалдык тармактарда да ар кандай ой-пикирлер айтылып жүрөт. Медициналык камсыздандыруу ар бир адам үчүн милдеттүүбү?**

– Жок, ушуну так түшүндүрүп коюшубуз керек. Жогоруда айтылгандай, Кыргызстандын калкынын 75%ы бүгүнкү күндө камсыздандырылган. Жаңы мыйзам долбоору биринчи кезекте биздин камсыздандырылбаган жана чет өлкөлүк жарандарга таандык. Ошондой эле биздин жогорку билим берүү мекемелеринде окуган чет элдик студенттерге жана Кыргыз Республикасындагы качкындарга, башпаанек издегендерге, кайрылман статусу бар жарандарга тиешелүү.

**– Жарандардын кайсы категориясы Милдеттүү медициналык камсыздандыруу (ММК) полисин алууга тийиш, алар кимдер?**

– Биринчиден:

1) 18 жаштан жогорку иштеген жарандар (иш менен камсыз кылуу кызматында катталбаган жумушсуздар, үй кожойкелери);
2) күндүзгү сырттан (кечки) жана сырттан (дистанттык) окуу формаларынын, ошондой эле 21 жаштан жогору күндүзгү окуу формаларынын студенттери (Кыргыз Республикасынын жараны болгон 21 жаштан жогорку студенттер);
3) милдеттүү медициналык камсыздандырууга төгүмдөрдү төлөбөгөн өз алдынча иштеген жана жеке уюмдарда, ишканаларда, базарларда иштегендер (тигүүчүлөр, курулушчулар, такси, маршруткалардын айдоочулары, базарда иштеген соодагерлер, ж. б.).

Биз аларды милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камтышыбыз керек.

Экинчиден, чет өлкөлүк жарандар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү. Чет өлкөлүк жарандар – чет өлкөлүк жана Евразия экономикалык бирдигине мүчө мамлекеттердин жарандары деп экиге бөлүнөт.

1) Кыргыз Республикасынын аймагында убактылуу жүргөн же туруктуу жашаган чет өлкөлүк жарандар жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү.
2) Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин жарандары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү (Россия Федерациясы, Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан).

ЕАЭБ жөнүндө келишимге ылайык, ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн жарандарына – ЕАЭБге мүчө өлкөлөрдүн жумушчуларына жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө жумушка орношкон өлкөнүн жарандары менен бирдей негизде медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү. Демек, ЕАЭБ жарандары биздин жарандардай эле Кыргызстандан ММК полистерин сатып ала алышат.

Үчүнчүдөн, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү мекемелеринде окуган чет өлкөлүк жарандар – студенттер милдеттүү түрдө камсыздандырылышы керек. Булар үчүн ММК полиси чет өлкөлүк жарандарга сатылган баа менен сатылат.

Төртүнчүдөн, Кыргыз Республикасындагы качкындар жана башпаанек издегендер, кайрылмандар статусун алгандан кийин Кыргыз Ресапубликасынын жарандары катары Полистерди жана медициналык кызматтарды алганга укуктуу.

**– ММК полисинин баасы канча турат?**

– Кыргызстандын камсыздандырылбаган жарандары үчүн 12 – айга 1722 сом .

Качкындар, башпаанек издегендер жана кайрылмандар статусун алгандар үчүн да ММК полисинин баасы 12 айга – 1722 сом.

Чет өлкөлүк жарандар үчүн 12 айга – 16 391 сом, 6 айга – 8196 сом.

**– ММК полиси болгон учурда кандай жеңилдиктер көрсөтүлөт?**

1) Амбулаториялык деңгээлде 40тан ашык лабораториялык-диагностикалык жана аспаптык изилдөөлөр акысыз көрсөтүлөт.
2) Баалардын прейскуранты боюнча 50%га чейин арзандатуу менен физиотерапия, ЛФК, дарылоочу дене тарбия, күндүзгү стационарда дарылоо (тамчылаткычтар, инъекциялар – теринин астына, булчуңга, кан тамырга);
3) Төмөнкү учурларда жеңилдетилген 500 аталыштагы дары-дармек каражатына жана медициналык буюмдарга 50%га чейин арзандатуу берилет: жүрөк-кан тамыр (артериялык гипертония, миокард инфаркты ж.б.), кан (анемия), өпкө (бронхиалдык астма), ичеги-карын (ашказан жарасы, он эки эли ичегинин жарасы, өнөкөт гастрит), нерв системасы (талма), кант диабетине, онкологиялык жана мите курт ооруларына ж.б.
4) стационарга жаткырууда камсыздандырылган жарандар кошумча төлөмдүн орточо деңгээлин төлөшөт.
5) Ал эми камсыздандырылбаган жарандар дарылануунун толук наркын төлөйт.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

Аймак өнүксө – өлкө өнүгөт

Чүй облусунун Кемин районунун Кара-Булак айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык абалы, айыл тургундарына көрсөтүлгөн көмөк, жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылган олуттуу иштер тууралуу аталган айыл өкмөтүнүн башчысы МАМБЕТКАЗИЕВ Айбек Канатович төмөндөгүлөрдү айтып берди.

**Кемин районундагы Кара-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы Айбек МАМБЕТКАЗИЕВ:**

# “Түшүмдү короможусуз жыйнап алууга жетиштүү шарт түзөбүз”



## Социалдык-экономикалык өнүгүү жолунда

- Кара-Булак айыл аймагынын калкынын саны 3 172 адам, 488 түтүн. Аймагыбызга Кара-Булак, Бейшеке, Алтымыш, Чүй, Жылтыр айылдары карайт. Айыл аймагында 2 жалпы билим берүүчү жана 1 толук эмес негизги билим берүүчү мектеп, 1 кесиптик лицей, 3 маданият үйү, 3 ФАП бар. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн жылдык планына карата өткөн жылы салык агенти төлөөчү киреше салыгы 221%га, бирдиктүү салык 157%га, патенттин негизиндеги салык143%га, кыймылсыз мүлккө салык 91%га, короожай жана дачалык жер тилкесин пайдалангандыгы үчүн жер салыгы 119%га, жерди кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижарасы үчүн акы төлөө 108%га, таштандыларды ташуу 140%га, кезектеги жардам 100%га аткарылды. Айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгү 5742,3 миң сомду түзөт. Бекитилген пландын чыгаша бөлүгү өткөн жылга 5742,3 миң сом болуп, такталган план 10561,8 миң сомду түзгөн. Кошумча смета өткөн жылдын аягында киреше жагынан план ашыкча аткарылгандыгына байланыштуу 505,9 миң сом болду. Бүгүнкү күндө айыл өкмөтүнүн администрациясы алдыбызга койгон тапшырмаларды өз убагында аткарууга болгон аракетин жумшап жатат.

## Инвесторлор ийгиликтерди жаратууда

- Кара-Булак айыл өкмөтүнө караштуу Бейшеке айылындагы спорт комплексинин курулушу боюнча конкурс жарыяланып, ЖЧК “Шер-курулуш” компаниясы 18 500000 сом менен утушка ээ болгон. Кара-Булак айыл өкмөтүнүн макулдашуусу боюнча 11 500 000 сом АРИС тарабынан каралып, калган 7 000 000 сом Кемин райондук өнүктүрүү фондусунан каржылануусу белгиленген. Азыркы учурда курулуш иштери толугу менен аякталы. Ушул эле Бейшеке айылы АРИС долбоору аркылуу 29 400 000 сомго таза суу менен камсыз болду. Кара-Булак айылына ФАП жана мечит куруу боюнча Кара-Булак айыл өкмөтү менен «Ассанабил» кайрымдуулук фонду тарабынан келишим түзүлүп, учурда фонд тарабынан заманбап ФАП менен мечиттин курулуш иштери толугу менен аякталып, Кара-Булак айыл өкмөтүнө колдонууга берилди. Ошондой эле Кара-Булак айыл тургундарына эс алуучу парк курууга долбоорлук сметалык документ дайындоо боюнча конкурс жарыяланып, баалоонун жыйынтыгында ЖЧК «Ритал Сервис» компаниясы утушка ээ болгон. Долбоордун сметалык документи дайындалып бүттү. Курулуш иштерине документтер 4 200 000 сомго тендер даярдалган. Кара-Булак айыл өкмөтү менен “Грин Энерджи Кемин” ЖЧКсы тарабынан чакан ГЭС куруу боюнча келишим түзүлгөн. 2 500 000 сомдук социалдык пакет жылына быйыл чакан ГЭС ишке кире баштаганда түшө баштайт.

## Социалдык жардамдар

- Кара-Булак айыл өкмөтүндө катталган жакыр 40 үй-бүлө бар, анын ичинен “Үй-бүлөгө көмөк” тизмесине кирген 4 үй-бүлө 100 000 сомдон сертификат алышып, 2 үй-бүлө тигүүчү машина, 1 үй-бүлө бал челек жана 1 үй-бүлө үй сатып алышты. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө 153 000 сомдук, тагыраагы 4 500 сомдон 34 үй-бүлөгө көмүр алууга жардам берилди. Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар 87. Айыл аймагы боюнча 54 бала жарым-жартылай жетим, 14 бала төрөлгөнүнөн майып болсо, 74 мигранттардын балдары бар. Алар чоң ата, чоң энелеринин жана таята-тайэнелеринин колдорунда багылып жатышат. Аларга зордук- зомбулук болтурбоо максатында балдардын укуктары боюнча маалымат берилип, штаб мүчөлөрү менен айылдарды кыдырып түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Айыл өкмөтүндө ишеним телефону (3135) 70-473 иштеп жатат. Даталуу күндөргө карата айыл өкмөтүндө атайын иш-чаралар туруктуу түрдө өткөрүлүп, аларга жергиликтүү бюджеттен акча каражаттары каралат. Атап айтсак, Афган согушунун ардагерлеринин күнүнө, ЧАЭСтин катышуучуларына, Баткен окуясына катышкандарга, “Энелер күнүнө” карата «Баатыр энелерге», 7- апрель окуясына, 1-июнь “Балдарды коргоо күнүнө”, “Карылар күнүнө” “Майыптар күнүнө”, 8-март аялзатынын майрамына, Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата иш-чаралар өткөрүлүп, белгилүү суммада акча каражаттары бөлүнөт.

